


*АЙ КАРЫНДАШ, КЫШЫМДЫ ЖАЗ КЫЛДЫҢ,*
*АРЗУУГА МЕНИ МАС КЫЛДЫҢ.*
*КАРАСАМ ЖЫЛМАЙЫП, КАРЕКТЕН НУР ЖАЙЫП,*
*КАПИЛЕТ МЕНИ АЗГЫРДЫҢ.*
*СҮЙҮҮМДҮ СЕЗБЕСЕҢ, ӨЗҮҢӨ ЖЕТПЕСЕМ,*
*АРМАНДА ӨТӨӨР ЖАШТЫГЫМ.*
*ОРУС КЫЗ МАРИНА, ОЛТУРЧУ ЖАНЫМДА,*
*ӨЗҮМДҮ САГА ТАПШЫРДЫМ. (2 ЖОЛУ)*

*АЙ АГАТАЙ, ТАЙМАНБАС БААТЫРЫМ,*
*ЖАНАШТЫҢЫЗ АКЫРЫН.*
*ТҮШҮМӨ КИРСЕҢИЗ, АК БОЗ АТ МИНСЕҢИЗ,*
*ЖОГОЛДУ КАЙДА АКЫЛЫМ?*
*КЫРГЫЗДЫН ЖИГИТИ, КӨҢҮЛДҮН УМУТУ,*
*БОЛСОҢУЗ МЕНИН ЖАКЫНЫМ.*
*МЕН СИЗДИК ЖАНМЫН ДЕП, ЖАКТЫРЫП КАЛДЫМ ДЕП,*
*АЙТАЛБАЙ ТУРАМ АЧЫГЫН. (2 ЖОЛУ)*

**КАЙЫРМА:**

**СЕН МАГА БИР КЕЛГЕН БАКЫТ БОЛДУҢ?**
**СЕЗИМДИ ДИЛИМЕ КАТЫП КОЙДУМ.**
**БИР КӨРҮП СЫМБАТЫҢА АШЫК БОЛДУМ,**
**БИЛСЕҢИЗ ЖҮРӨГҮМДҮ АЧЫП КОЙДУМ.**

**ЖАГАЛЫ СҮЙҮҮНҮН ШАМ ЧЫРАГЫН,**
**ЖАШООМО КУБАНЫЧ ТАРТУУЛАДЫҢ.**
**ТҮНДӨГҮ НУР ЧАЧКАН КҮНҮМ БОЛУП,**
**ТҮБӨЛҮК ЖАРКЫРАГЫН.**